КРнын Борбордук Шайлоо комиссиясынын Төрайымы

Нуржан Камбаровна Шайылдабековага

Арашан айылдык кеңешине караштуу

№6 шайлоо округу боюнча Айылдык Кеңештин

депутаттыгына талапкер Көлбай Бейшебаевич Алымкуловдон

Кандидаттык номер №145

[redacted]

Арыз.

Урматтуу Нуржан Камбаровна!

Сизге арыз жазуумдун себеби төмөндөгүчө: **“Арашан” Айылдык Кеңешинин депутаттыгына №4 шайлоо округу боюнча талапкер Касымалиева Венера Качкынбековна (мындан ары К.В.К.),** “Бер-Булак” айыл ичинде, №6 шайлоо округунун шайлоочуларынын арасында мен жөнүндө негизсиз, каралоо менен ушактарды таратып жатканына фактылардын негизинде (аудиозапись) мисалдарды келтирем. К.В.Кнын шайлоо округу №4, менин шайлоо округум №6.

К.В.К №4 шайлоо округунан ал эми менин шайлоо округум №6. Мен бул адам жөнүндө бир да жолу, бир да адамга туура эмес, анын аброюна шек келтирген сөздөрдү айткан эмесмин. Жана айтайын деген оюм да жок. Анткени, шайлоо учурунда бардык кандидаттар бири-бирибизди сыйлоо менен мыйзамдуу жолдо, үгүттөө иштерин алып барышыбыз керек деп эсептейм!

Сизге факт катары **5 (беш) мүнөттүк (05.00 сек.)** жана **12 (он эки) мүнөт 42 секундалык** (12.42 сек.) **эки аудиозапись** жогорудагы айткан сөздөрүмдү тастыктайт.

1. **5 (беш) мүнөттүк аудиозапистен фактылар:**

Аудиозапистин 00.20 секундасында: 29.10.24. күнү биздин айыл аймакта УКМКнын Төрагасы, урматтуу К.К.Ташиев менен элдин жолугушуусу болгон. Ал жолугушууда К.В.К. өзү болгон эмес. Ошол жерде К.В.К нын айтуусу боюнча мен Малиновка айылынын жашоочусу Зарлыкова Кенже деген эжени “К.В.Кнын уулу Байышты К.К.Ташиевдин алдында жамандап айт деген” деп жок жерден каралагысы келет. Ал эми ошол жолугушууда урматтуу К.К.Ташиев элге кайрылып, - “кимде дагы кандай суроо-талаптар бар? - дегенде, менин артымда олтургучта олтурган Зарлыкова Кенже (буту оорукчан) эжени астыда турган аялдар кайрылып “келиңиз, сүйлөңүз!” деп астыга чакырышты. Ошондо жол бошотуп, биз “келиңиз өтүңүз, айтчу сөзүңүздү айтыңыз” - деп алдыга чыгарганбыз. ( Бул боюнча менде өзүнчө 1 мин. 56 сек. видеозапись бар.)

Аудиозапистин 0,43 сек. “.В.К. “Кумар Сагыналиев байкеме айттым”- дейт. К.Сагыналиев - №6 шайлоо округунан талапкер, “Бер-Булак” айлында жашайт. Менин айылдашым болот. Мында К.В.К. калп айтуу менен менин потенциалдуу шайлоочуларымдын арасында мага каршы тымызын, мыйзамсыз, каралоо жолу менен мага каршы агитация жасоодо.

Аудиозапистин 01 мин. 10 сек.: Ушул эле Бер-Булак айылынын тургуну, №6 ШОнан Арстан Коконоков да менин потенциалдуу шайлоочум болуп эсептелет. Аны да, мени да колдобоого тымызын чакыруу иш аракетин жасап жатат деп эсептейм.

Ушул эле аудиозапистин 01 мин. 20 сек. да “ЦИКтегилер КВК үчүн кандайдыр бир “ишти” иштеп коюптур...” (??)

КР БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № А-61
« 11 » 11 20 24 ж/г

Аталган 01 мин.30 сек.: К.В.К. менин кандидит катары акброюма түздөн-түз шек келтирүүдө.

01 мин. 34 сек.: Леванын атасы Касымбек Шаршенкулов, ал түбү тууган-туушкандары менен Бер-Булак айлынан. Булар да менин пот енциалдуу шайлоочуларыма кирет.

02 мин. 20 сек.: К.В.Кнын мени, " өлүп кетсин, өлбөй эле жүрөт, өлбөй эле жүрөт, сволочь"- дегени мени каргагандык, кемсинткендик, кадыр баркымды эл алдында түшүргөндүк деп эсептейм. Анткени мындай ыплас, төмөн баа бергендиги мен үчүн акылга сыйбаган иш болду. .

03 мин. 10 сек.: К.В.К айтып жатат: "- Мен балдарга айттым, "Көлбай менен "сүйлөшүп" койгула дедим" - дегени, бул менин өмүрүмө коркунуч келтиргени.

03 мин. 45 сек.: К.В.Кнын мени , "сука", "ит" деп айтканы дагы, эмне деген кадыр баркымды тебелегендиг!!!

04 мин. 00 сек.: К.В.Кнын "мен бүт Бер-Булак айлымдагы туугандарыма айттым, Көлбайды шайлабагыла" – дегени, бул туугандарына да мени каршы коюп, менин талапкер катары жаман көрсөтүп, аброюма шек келтирип, менин потенциалдуу шайлоочуларымды мага каршы үгүттөгөндүк деп түшүнөм.

04 мин. 20 сек.: К.В.Кнын мени, - "журт бузар", "шакал" дегени, мени эл алдында өтө пас адам катары эсептегендик, эң төмөн салыштыруу, кемсинткендик, каралоо болуп саналат;

04 мин.30 сек.: Биз №6 шайлоо округу боюнча (7) жети депутаттыкка талапкерлер 16-ноябрга чейин шайлоочулар менен жолугушууну уюштурууну өткөрсөк деп пландаштырып жатканбыз. Бирок К.В.Кнын айыл ичинде, кайра-кайра кайталап, баса-баса белгилеп айтканынан кийин жолугушуу өткөрүү опурталдуу болуп калды. Себеби, К.В.К өзү баса белгилеп айткандай, эл чогулчу жерге келсе, ал жерге анын айылдагы тууган-туушкандары келиши толук мүмкүн. Ошондой эле ал жерге ар бир 7 талапкердин да колдоочулары келишет. Сөздөн-сөз уланып, айтышуу, тирешүү, барып-барып жаңжал чыгып кетүү коркунучу болуп кетиши толук мүмкүн деп турабыз жана 7 талапкер пландаган жолугушуу үзгүлттүкө учураганы турат. 17-ноябрдан кийин депутаттыкка өтпөй калган талапкерлер, мен дагы, К.В.Кнын айынан мыйзамдуу укугубуздан пайдалана албай кала турган коркунуч болуп жатат! Жана биз, 7 талапкер үгүт иштеринде өзүбүздүн мыйзамдуу укуктарыбыздан ажыраганы турабыз!

04 мин. 40 сек.: Жогорудагы айтканы, К.В.Кнын "чогулуш болсо, сөз жок айт", "сөз жок барам" дегени, өзү №4 ШОдан талапкерлигин коюп жатып, биздин №6 ШОна кийлигишкендик деп эсептейбиз. Анын мындай ишенимдүү чечкиндүү айтып жаткен кептери биздин ШОдун элдерине бөлүк салуу, бир округдун элдени экинчи округдун элдерине каршы коюу деп эсептейм жана дагы бир жолу мени "акмак" дегени акылга сыйбаган, өтө төмөн шылдыңдоо болуп саналат. Булардын баары ачык факт катары эсептелинет.

**2. 12 мин. 42 сек. аудиозапистеги фактылар:**

01 мин. 20сек.: К.В.К. мени "ЦИК Көлбайды талапкерликтен точно алат" деп жатат. Бул жеткен жалган каралоо жана ЦИКтин аброюна көлөкө түшүргөндүк. ;

Мурдакы 5 мүнөттүк аудиозапистеги 01 мин. 20 сек. жеринде да "Көлбай талапкерликтен строго алынды" деп айтып кеткени эң туура эмес, жалган информация болуп саналат. Мындай айтып, ушак таркатып жүргөнү ЦИКтин ишмердүүлүгүнө кийлигишкендик жана алардын ишмердүүлүгүнө шек келтиргендик деп эсептейм.

01 мин. 40 сек.: "Зарлыкова Кенжеканды урматтуу К.К.Ташиевге психически душевно больная деп бирөө айтты" деп башка тбирөөлөрдү мисал кылып, К.Зарлыкованын кемсинтип

жатканы, калп айтып, элдин көңүлүн башка жаман нерселерге бургандык. Ал бул сөздөрүндө негиздүү фактысы жок сүйлөп жатат. Жана бул сөздү айтууга эч кандай негиз жок.

01.50 сек.: "К.К.Ташиев Көлбайды жаман көрүп калыптыр" деп, далили жок ушак таркатып жатат.

03.10 сек. жеринде "Алмаз Атамбаевге жолукканбыз" деген сөздөрү да барып турган жалган кеп!

05.10 сек.: Мени урматтуу К.К.Ташиевге "маркум В.Ивановду жамандап кат жазган" деп, К.В.К. орус диаспорасынын арасында мени жаман көрсөтүп жатат.

05 мин.15 сек.: К.В.К. ушуга окшош жалган жерден мени каралоо, ушактоо ишин, өзү баса айткандай жүргүзүп жатат.

05 мин. 55 сек.: Азыркы айыл өкмөтүнүн башчысы С.Болгонбаев жөнүндө сөз кылууда. Бул сөздөрү да жалган жана далилсиз.

06 мин. 10 сек.: мени "К.В.Кнын баласы Байыш "рекет", "ОПГник" деп жамандап айттып жатат" дейт. Бул сөздөрү да жалган, далилсиз.

06.40 сек.: менин дарегиме жаман, уят сөздөрдү айтууда.

07 мин. 15 сек.: кайрадан мени "сука", "торпедо" деп каралоодо.

07.19 сек. "мен байкелеримдин баарына айттым" дейт. Ооба, байкелери №6 шайлоо округунун территориясындагы Бер-Булак айлында жашашат. Булар да менин потенциалдуу шайлоочуларым.

07.50 сек. кайрадан далилсиз мени "ЖУРТ БУЗААР" деп каралоосун улантууда.

08.23 сек . №4 ШОна кирген "Заречное" айлынан депутаттыкка талапкердигин коюп жаткан, өткөн чакырылыштын депутат-коллегасы Жибек Акматованы дагы жамандап каралоодо.

08.35 сек. өткөн чакырылыш депутат коллегасы, спикер Алмаз Болотбековду да жамандап каралап жатат.

09. 17 сек.: жакында АТРдин негизинде бизге кошулган "Арашан" айылынын эли-журту жөнүндө, "бизге чынында душман"- дегени бул К.В.Кнын адамдарды жамандап, бири-бирине каршылаштырганы аз келгенсип, бир нече айылдардын элдерин бири-бирине тукуруп уруштуруп, бөлүп жарууга барууда!

10.02 сек.: К.В.К. өзүнүн айылдашы, Таш-Дөбөлүк №4 ШОнун террриториясынын жашоочусу Кундашев Эмил деген адамдын, мени КВКнын сөзүнө ишенип, "чаап, эле өлтүрүп коё турган акмак экен" – деп айтышы, менин өмүрүмө коопсуздук жаратууда.

10.20 сек.: К.В.К.нын, "БУЛАРГА ЖОЛОБО" – дегени, эл арасында ушундай жаман жол менен адамдарды бири-бирине тукуруп, эл арасында туруксуздукту жаратууга кылган иш далалаты экендигин далилдеп турат.

10.30 сек.: К.В.К. менен сүйлөшүп жаткан адамды, өткөн чакырылыштын депутаты, спикер А.Болотбеков менен да сүйлөшпө деп, ортолоруна бузукулук салууга аракеттенүүдө.

11.16 сек. кайрадан мени, "журт бузар" деп каралап жатат.

12 мин 08 сек. –"балдар бар иштей турган, мен үчүн" – деген тастыктоосу мен үчүн коркунучтуу болуп турат.

К.В.К. 17 мүнөт аудиобилдирүү ичинде ушунчалык негативдүү, терс, маданиятсыз, адамгерчилиги жок сөздөрдү айтууга жетишти. Ал эми 1 айлык шайлоо үгүт күндөрүндө эмне деген гана бузуп жаруу, ушактоо, жаман аттуу кылуу сөздөрүн айтпады дейсиздер!!!

Менин үстүмдөн, башка талапкерлердин үстүнөн жамандабай эле, бизге жолугуп сүйлөшүп, тактап алса болот эле да?! Тынчтык жолу менен, сүйлөшүү жолу менен!!!

? Урматтуу Гулмира Абдыкапаровна! Жогорудагы аудиозапистеги Касымалиева В.К. ШАЙЛОО ҮГҮТ күндөрүндө мага жана башка талапкерлерге карата адамгерчилиги жок, маданиятсыз, каралаган, уят, мыйзамсыз, жалаа жапкан иштери тууралуу далилдүү фактылар менен кайрылып жатам. Жогорудагы мага карата байланышкан куру доомат, жалаага мыйзамдуу чара колдонуп берүүңүздөрдү суранам.

11.11.24.

Арашан айылдык кеңешине караштуу

№6 шайлоо округу боюнча Айылдык Кеңештин

депутаттыгына талапкер К.Б.Алымкулов

Тиркемеге: 2 аудио (эки)
1 (бир) видео материалдар тиркелет.